# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Конфискацияланган, ээси жок, кароосуз калган мүлктөрдү, кылмыш иштери, укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча буюм далилдерди эсепке алуунун, сактоонун, жок кылуунун, сатуунун жана аларды мамлекеттин менчигине айландыруунун айрым маселелери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 69-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 512, 540-беренелеринин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 32, 86, 87-беренелеринин жоболорун ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кылмыш иштери боюнча буюм далилдерин эсепке алуу, сактоо, өткөрүп берүү, берүү, ташуу, жөнөтүү, жок кылуу, кайра иштетүү, сатуу тартиби жөнүндө типтүү нускама 1-тиркемеге ылайык;

2) Укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча буюм далилдерин алуу, эсепке алуу, сактоо, өткөрүп берүү, жок кылуу, кайра иштетүү жана сатуу тартиби жөнүндө типтүү нускама 2-тиркемеге ылайык;

3) Конфискацияланган, ээси жок, кароосуз калган мүлктөрдү, ошондой эле кылмыш иштери жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча буюм далилдерин мамлекеттин менчигине өткөрүп берүү жана пайдалануу тартиби жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 515 “Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жок кылуу тартибинин маселелери боюнча айрым чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-майындагы № 234 "Жазык иштери боюнча буюмдук далилдерди эсепке алуу, сактоо, өткөрүп берүү, берүү, ташуу, жөнөтүү, жок кылуу, кайра иштетүү, сатуу тартиби жөнүндө типтүү нускаманы жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча буюмдук далилдерди алуу, эсепке алуу, сактоо, өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө типтүү нускаманы бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 25-ноябрындагы № 658 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-майындагы № 234 "Жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча буюмдук далилдерди эсепке алуу, сактоо, өткөрүп берүү, берүү, ташуу, жөнөтүү, жок кылуу, кайра иштетүү, сатуу тартиби жөнүндө типтүү нускаманы жана Бузуулар жөнүндө иштер боюнча буюмдук далилдерди алуу, эсепке алуу, сактоо, өткөрүп берүү жана жок кылуу тартиби жөнүндө типтүү нускаманы бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-мартындагы № 143 "Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлк маселелери жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомунун 3-пункту;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги № 169 "Этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтылган продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү чөйрөсүндө мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдын ишин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 3-пункту;

5) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-майындагы № 275 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 515 "Конфискацияланган, ээси жок жана кароосуз мүлктөрдү мамлекеттик менчикке өткөрүп берүү жана жок кылуу тартибинин маселелери боюнча айрым чаралар жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

4. Кыргыз Республикасынын министрликтери, мамлекеттик комитети жана административдик ведомстволору үч айлык мөөнөттө:

1) өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2) ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

5. Бул токтомду ишке ашыруу менен байланышкан чыгымдар укук коргоо жана тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тиешелүү жылга каралган каражаттарынын чегинде ишке ашырылат деп белгиленсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**О некоторых вопросах учета, хранения, уничтожения, реализации конфискованного, безхозяйного, выморочного имущества, вещественных доказательств по уголовным делам, по делам о правонарушениях и обращения их в собственность государства**

В целях реализации положений статьи 69 Уголовного кодекса Кыргызской Республики, статей 512, 540 Кодекса Кыргызской Республики о правонарушениях, статей 32, 86, 87 Уголовно-процессуального кодекса Кыргызской Республики, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить:

1) Типовую инструкцию о порядке учета, хранения, передачи, выдачи, перевозки, пересылки, уничтожения, переработки, реализации вещественных доказательств по уголовным делам согласно приложению 1;

2) Типовую инструкцию о порядке изъятия, учета, хранения, передачи, уничтожения, переработки и реализации вещественных доказательств по делам о правонарушениях согласно приложению 2;

3) Положение о порядке передачи в собственность государства и использования конфискованного, бесхозяйного, выморочного имущества, а также вещественных доказательств по уголовным делам и делам о правонарушениях согласно приложению 3.

2. Внести в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О некоторых мерах по вопросам порядка передачи в государственную собственность и уничтожения конфискованного,

бесхозяйного и выморочного имущества» от 29 сентября 2023 года № 515 следующее изменение:

– пункт 1 признать утратившим силу.

3. Признать утратившими силу:

1) постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Типовой инструкции о порядке учета, хранения, передачи, выдачи, перевозки, пересылки, уничтожения, переработки, реализации вещественных доказательств по уголовным делам и Типовой инструкции о порядке изъятия, учета, хранения, передачи и уничтожения вещественных доказательств по делам о правонарушениях» от 30 мая 2019 года № 234;

2) постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Типовой инструкции о порядке учета, хранения, передачи, выдачи, перевозки, пересылки, уничтожения, переработки, реализации вещественных доказательств по уголовным делам и делам о проступках и Типовой инструкции о порядке изъятия, учета, хранения, передачи и уничтожения вещественных доказательств по делам о нарушениях» от 30 мая 2019 года № 234» от 25 ноября 2022 года № 658;

3) пункт 3 постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые решения Кабинета Министров Кыргызской Республики о вопросах конфискованного, бесхозяйного и выморочного имущества» от 29 марта 2024 года № 143;

4) пункт 3 постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые решения Кабинета Министров Кыргызской Республики, регулирующих деятельность государственного органа, осуществляющего государственный контроль в сфере производства и оборота этилового спирта, алкогольной и спиртосодержащей продукции» от 12 апреля 2024 года № 169;

5) постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «О некоторых мерах по вопросам порядка передачи в государственную собственность и уничтожения конфискованного, бесхозяйного и выморочного имущества» от 29 сентября 2023 года № 515» от 28 мая 2024 года № 275.

4. Министерствам, государственному комитету и административным ведомствам Кыргызской Республики в трехмесячный срок:

1) привести свои решения в соответствие с настоящим постановлением;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2) принять необходимые меры, вытекающие из настоящего постановления.

5. Установить, что расходы, связанные с реализацией настоящего постановления, осуществляются в пределах средств правоохранительных и соответствующих уполномоченных государственных органов, предусмотренных на соответствующий год.

6. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

7. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.А. Касымалиев**